КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 7- КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 28-апрели №34 Оргочор айылы

**Дөөталиев Жолдошбайдын ысымын ыйгаруу жөнүндө**

Оргочор айыл аймагындагы Подгорное айылынын Ак-Толкун көчөсүнө Улуу Ата-Мекендик согуштун катышуучусу жана 2-даражадагы орденинин ээси, социалисттик эмгектин 2 жолку ударниги, “Оргочор асыл тукум кой чарбасынын” чабаны Дөөталиев Жолдошбайдын ысымын ыйгаруу жөнүндө Ак-Толкун көчөсүнүн жашоочуларынын макулдугунун негизинде уулу Дөөталиев Анарбектин кайрылуусу угулуп жана талкууланып, Улуу Жеңиштин 80 жылдыгына карата жергиликтүү кеңеш **токтом кылат:**

1. Подгорное айылынын Ак-Толкун көчөсүнө Улуу Ата-Мекендик согуштун катышуучусу жана 2-даражадагы орденинин ээси, социалисттик эмгектин 2 жолку ударниги, “Оргочор асыл тукум кой чарбасынын” чабаны Дөөталиев Жолдошбайдын ысымы ыйгарылсын.

2. Дөөталиев Жолдошбайдын ысымы ыйгарылган көчөдөгү ар бир үйгө көчөнүн аталышы жана номер тагылган табличкаларды жасатып тагуу, ошондой эле көчөнү көрктөндүрүү, жарыктандыруу, жашылдандыруу жана санитардык тазалоо иштерин көзөмөлгө алуу Дөөталиев Жолдошбайдын балдарына, бир туугандарына, неберелерине тапшырылат.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-мартындагы №122 токтомунда белгиленген календардык пландын негизинде калктуу конуштардын жана көчөлөрүнүн аттарын өзгөртүп атоону токтотуп туруу 2025-жылдын 25-ноябрына чейин токтотулганы эске алынсын жана Дөөталиев Жолдошбайдын балдарына, бир туугандарына, неберелерине эскертилсин.

4. Дөөталиев Жолдошбайдын ысымы Подгорное айылынын Ак-Толкун көчөсүнө ыйгаруу боюнча токтом 2025-жылдын 01-декабрында күчүнө кирсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңешинин “Социалдык маселелер” боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Тыныбеков**